Кеңеш айылдык кеңешинин (7-чакырылышы)
кезексиз жыйырма биринчи сессиясынын

**ТОКТОМУ № 21-1**

05.10.2023. Куу-майдан айылы.

**Жергиликтүү коомдоштуктардын өкүлчүлүктүү жыйынынын катышуучуларын шайлоо боюнча чогулуштарды жана жыйындарды өткөрүү жөнүндө**

«Элдик Курултай жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамы; Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-августундагы № 215 «Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө» Жарлыгы; Уюштуруу комитетинин 2023-жылдын 6-сентябрындагы № 1-чечимине негиз, Кеңеш айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кеңеш айыл аймагынан Жергиликтүү коомдоштуктардын өкүлчүлүктүү жыйынынын айылдын жашоочуларынын санына жараша катышуучулардын нормасы 100 болуп бекитилсин. (№1-тиркеме тиркелет)
2. Жергиликтүү коомдоштуктардын өкүлчүлүктүү жыйынынын катышуучуларды көрсөтүү боюнча жергиликтүү жамааттын чогулуштарын жана жыйындарын өткөрүү графиги тиркемеге ылайык бекитилсин. (№2-тиркеме тиркелет)
3. Чогулуштарды жана жыйындарды айылдын, чогулуш өткөрүлүп жаткан аймагында өткөрүүгө жоопту болуп тиркемеге ылайык айылдык кеңешинин депутаттары бекитилсин. (№3-тиркеме тиркелет)
4. Жергиликтүү коомдоштуктардын өкүлчүлүктүү жыйынынын уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу тобунун курамы тиркемеге ылайык бекитилсин (мындан ары – Жумушчу топ). (№ 4-тиркеме тиркелет)
5. Ар бир айылдын айыл башчысы айылдын чогулушун уюштурууга көмөк көрсөтүүгө милдеттендирилсин.
6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин социалдык маселелер, маданият, билим берүү, саламаттыкты сактоо, жаштар, спорт, регламент, депутаттык этика жана мандат боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы Орозмамат кызы Айганышка тапшырылсын.

**Кеңеш айылдык**
**кеңешинин төрагасы** **Абдырахманов О.С.**

Кенеш айылдык кенешинин ( 7 - чакырылышынын) кезексиз
жыйырма биринчи сессиясынын № 21-1 токтомуна №1-тиркеме

Кеңеш айыл аймагынан Жергиликтүү коомдоштуктардын өкүлчүлүктүү жыйынына айылдын жашоочуларынын санына жараша катышуучулардын нормасы

| № | Айылдардын аталышы | Калкынын саны | Өкүлдөрдүн нормасы |
|---|---|---|---|
| 1 | Куу-Майдан | 3876 | 24 |
| 2 | Арбын | 3114 | 19 |
| 3 | Батуу | 1707 | 10 |
| 4 | Шаңкол, | 2230 | 13 |
| 5 | Байыш | 1457 | 9 |
| 6 | Дары-Булак | 3324 | 20 |
| 7 | Ак-терек | 576 | 3 |
| 8 | Чегеден | 450 | 2 |
| | Айыл өкмөт боюнча жалпы | 16734 | 100 |

Айылдык кеңештин
жооптуу катчысы Шадыбекова А.П.

Кенеш айылдык кенешинин ( 7 - чакырылышынын) кезексиз жыйырма биринчи сессиясынын № 21-1 токтомуна №2-тиркеме.

Өкүлчүлүктүү жыйынга катышуучу өкүлдөрдү көрсөтүү боюнча жергиликтүү жамааттардын жыйындарын өткөрүү графиги

| № | Айылдардын аталышы | Өткөрүү убагы | Өткөрүлө турган жай |
|---|---|---|---|
| 1 | Куу-Майдан | 17.10.2023. саат 11-00 | Ж.Нышанов атындагы орто мектеби |
| 2 | Арбын | 18.10.2023. саат 11-00 | Арбын орто мектеби |
| 3 | Батуу | 18.10.2023. саат 14-00 | К.Аматов көчөсүндө |
| 4 | Шаңкол | 20.10.2023. саат 11-00 | Шаңкол орто мектеби |
| 5 | Байыш | 17.10.2023. саат 14-00 | Маданият үйүнүн имараты |
| 6 | Ак-терек | 16.10.2023. саат 11-00 | Ак-терек башталгыч мектеби |
| 7 | Дары-Булак | 20.10.2023. саат 14-00 | Дары-Суу орто мектеби |
| 8 | Чегеден | 19.10.2023.саат 11-00 | Ак-чабуу орто мектеби |

Айылдык кеңештин
жооптуу катчысы Шадыбекова А.П.

Кенеш айылдык кенешинин ( 7 - чакырылышынын) кезексиз жыйырма биринчи сессиясынын№ 21-1 токтомуна №3-тиркеме.

Чогулуштарды жана жыйындарды айылдын, чогулуш өткөрүлүп жаткан аймагында өткөрүүгө жооптуу болгон айылдык кеңешинин депутаттары

| № | Айылдардын аталышы | Өткөрүүгө жооптуу айылдык кеңештин депутаттары | Жардамчылары |
|---|---|---|---|
| 1 | Куу-Майдан | Нурматов Орозмамат | Масаипова Ибарат, Мансуров Кыялбек, Жороев Бакыт, Абдикеримова Нургүл, Мамыразаков Имамназар |
| 2 | Арбын | Исабаева Орозгүл | Орозмамат кызы Айганыш, Адиев Каныбек, Анарбек уулу Ырысбек, Кубанычбек уулу Мурасбек, Муктарбек уулу Абдырахман |
| 3 | Батуу | Муктарбек уулу Абдырахман | Исабаева Орозгүл, Орозмамат кызы Айганыш, Адиев Каныбек, Анарбек уулу Ырысбек, Кубанычбек уулу Мурасбек |
| 4 | Шаңкол | Атабекова Айнуска | Акматжанов А, Маматмуса уулу К, Каленов Н, Абдыкаар кызы Г, Маткеримова А, Калдаров А |
| 5 | Байыш | Абдикеримова Нургүл, | Нурматов О,Масаипова Ибарат, Мансуров Кыялбек, Жороев Бакыт, Мамыразаков Имамназар |
| 6 | Чегеден | Мамыразаков Имамназар | Нурматов О,Масаипова Ибарат, Мансуров Кыялбек, Жороев Бакыт, Абдикеримова Нургүл |
| 7 | Ак-терек | Маматмуса уулу Каныбек | Атабекова А, Акматжанов А, Маткеримова А, Каленов Н, Абдыкаар кызы Г, Маткеримова А, Калдаров А |
| 8 | Дары-Булак | Абдыкаар кызы Гүлшайыр | Атабекова А, Акматжанов А, Маматмуса уулу К, Каленов Н, Маткеримова А, Калдаров А, Маткеримова Айчүрөк |

Айылдык кеңештин
жооптуу катчысы Шадыбекова А.П.

Кенеш айылдык кенешинин ( 7 - чакырылышынын) кезексиз жыйырма биринчи сессиясынын № 21-1токтомуна №4-тиркеме.

# Жергиликтүү коомдоштуктардын өкүлчүлүктүү жыйынын уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы

1. Абдырахманов О.С, айылдык кеңештин төрагасы, жумушчу топтун төрагасы
2. Шадыбекова А.П, айылдык кеңештин катчысы, жумушчу топтун катчысы.

Мүчөлөрү

3. Кадырова Т, айылдык кеңештин депутаты, “Гүлмайдан” коомдук фондунун жетекчиси.
4. Абдырахманова З.Б.-айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы.
5. Осмонов К, аксакалдар сотунун төрагасы
6. Жамгырчыев А, Дары-Булак айылынын айыл башчысы
7. Абдүрөшүт уулу Ысмайыл, Батуу айылынын айыл башчысы.
8. Сапар уулу Бакыт –Чегеден-Байыш айылынын айыл башчысы
9. Мамажунусов А-Шаңкол айылынын айыл башчысы
10. Баатырбеков Т-Арбын айылынын айыл башчысы
11. Мадираимов З-Куу-Майдан айылынын айыл башчысы
12. Карыбеков Н-Ак-терек айылынын айыл башчысы
13. Адиев К-айылдык кеңештин депутаты.

Айылдык кеңештин
жооптуу катчысы Шадыбекова А.П.

Кеңеш айылдык кеңешинин (7-чакырылышы)
кезексиз жыйырма биринчи сессиясынын

**ТОКТОМУ № 21-2**

05.10.2023. Куу-майдан айылы.

**Алима-эне мектепке чейинки билим берүү мекемесинин курулуш иштерине өздүк салым үчүн акча каражатын бөлүп берүү тууралуу**

Өнүктүрүү фондунун долбооруна жөнөтүлгөн Алима-эне мектепке чейинки билим берүү мекемесинин айланасын тосуу жана отканасын куруу боюнча долбоордун өздүк салымы үчүн акча каражаты ажыратып берүү тууралуу долбоордун жетекчиси Абдыкаар кызы Гүлшайырдын сунушун угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү» 2021-жылдын 20-октябрындагы № 123- мыйзамынын 3-главасынын 34-беренесинин 2-пунктунун 1чи, 2-пунктчасына ылайык Кеңеш айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Өнүктүрүү фондунун долбооруна жөнөтүлгөн Алима-эне мектепке чейинки билим берүү мекемесинин айланасын тосуу жана отканасын куруу боюнча долбоордун өздүк салымы үчүн 271189(эки жүз жетимиш бир миң бир жүз сексен тогуз) сом акча каражаты ажыратылып берилсин.

2. Өздүк салым үчүн керектелүүчү акча каражатын таап берүү жагы ФЭБнүн башчысы А.Мадраимовко милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Кубанычбек уулу Мурасбекке тапшырылсын.

**Кеңеш айылдык**
**кеңешинин төрагасы** **О.С.Абдырахманов**

Кеңеш айылдык  кеңешинин (7-чакырылышы)
кезексиз жыйырма экинчи  сессиясынын

**ТОКТОМУ № 22-1**

30.10.2023. Куу-майдан айылы.

**Айыл өкмөтүнүн тогуз айлык бюджетинин аткарылышынын жыйынтыгы менен Айылдык кеңештин 2023-жылдын 25-январындагы № 17-5 токтому менен бекитилген  бюджетине тактоолор жана толуктоолор киргизүү жөнүндө**

КР Президентинин 2021-жылдын 6-декабрындагы ПЖ №547 жарлыгын ишке ашыруу боюнча , КР Министрлер Кабинети 2023-жылдын 11-мартында №137 сандуу токтом кабыл алган. Токтомдо дыйкан чарбалар айыл чарба жерлеринин салыктарынан 2022-жылдын 1-январынан 2024-жылдын 31-декабрына чейин бошотулган. Жергиликтүү бюджеттерди толуктоо максатында жыл сайын республикалык бюджеттен компенсация катары кирешеге каржылоо каралган. Быйылкы жылга   487,5 миң сом компенсация берилген, бул акча каражатын каржылоо тууралуу ФЭБнүн башчысынын маалыматын,  айыл өкмөтүнүн тогуз айлык бюджетинин аткарылышынын жыйынтыгы менен жана айылдык кеңештин 2023-жылдын 25-январындагы № 17-5 токтому менен бекитилген  бюджетине тактоолор жана толуктоолор киргизүү тууралуу айыл өкмөтүнүн жана туруктуу комиссиянын берген маалыматын угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын  «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү»  2021-жылдын  20-октябрындагы   № 123- мыйзамынын  3-главасынын  34-беренесинин  2-пунктунун 2-пунктчасына  ылайык Кеңеш айыл аймагынын айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Айыл өкмөтүнүн     тогуз айлык бюджетинин аткарылышынын жыйынтыгы менен  айылдык кеңештин 2023-жылдын 25-январындагы № 17-5 токтому менен бекитилген  бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгүнө,  кошумча түшкөн кирешени тиркемеге ылайык,  тактоолор жана толуктоолор киргизилип бекитилсин.
   (тиркеме   тиркелет)

2. Аткарууга жана  каржылоого алуу жагы айыл өкмөт башчысына жана ФЭБнүн башчысына  тапшырылсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу  комиссиясынын төрагасы  Кубанычбек уулу Мурасбекке жүктөлсүн.

**Кеңеш айылдык**
**кеңешинин төрагасы** **О.С.Абдырахманов.**

Кенеш айылдык кенешинин ( 7 - чакырылышынын)
кезексиз жыйырма экинчи сессиясынын 2023-жылдын
30-октябрындагы № 22-1 токтомуна тиркеме

тогуз айлык бюджеттин аткарылышында түшкөн кирешенин тиешелүү тармактарга бөлүштүрүлүшү.

| **Разделдер** | **Код эконом квалификация** | **кварталдар боюнча** | | | | **Бардыгы** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **1** | **2** | **3** | **4** | |
| **Киреше бөлүгү: Кошумча** | | | | | | |
| Максаттуу трансферт (Компенсация юридикалык жер салык) үчүн | 13321200 | | | | 487,5 | 487,5 |
| **баары** | | | | | **487,5** | **487,5** |
| **Чыгаша бөлүгү** | | | | | | |
| Р – 70491 экономикалык суроолор | 2215 | | | | 100 | 100 |
| Р – 70491 экономикалык суроолор | 2221 | | | | 145 | 145 |
| Р – 70629 комуналдык тейлөөлөр | 2212 | | | | 30 | 30 |
| Р – 70911 мектепке чейинки мекемелер | 2215 | | | | 182,5 | 182,5 |
| Р – 70921 орто мектептерге | 2215 | | | | 30 | 30 |
| | | | | | | |
| | | | | | | |
| **баары** | | | | | **487,5** | **487,5** |
| | | | | | | |

Кеңеш айылдык кеңешинин
төрагасы О.С.Абдырахманов
Кеңеш айылдык кеңешинин
катчысы: А.П.Шадыбекова.

Кеңеш айылдык  кеңешинин (7-чакырылышы)
кезексиз жыйырма экинчи  сессиясынын

**ТОКТОМУ № 22-2**

30.10.2023.                                                                  Куу-майдан айылы.

**Айыл өкмөтүнүн тогуз айлык бюджетинин аткарылышынын жыйынтыгы менен  бюджеттик  үнөмдөлгөн  каражаттардын  тармактарга бөлүштүрүү тууралуу**

Айыл өкмөтүнүн тогуз айлык бюджетинин аткарылышынын жыйынтыгы менен тиешелүү жылдын 9 айында жергиликтүү бюджеттерди аткаруунун жыйынтыктары боюнча бюджеттик  үнөмдөлгөн  каражаттардын  тармактарга бөлүштүрүү тууралуу айыл өкмөтүнүн ФЭБнүн башчысынын жана туруктуу комиссиянын берген  маалыматын угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын  «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү»  2021-жылдын  20-октябрындагы   № 123-мыйзамынын  3-главасынын  34-беренесинин  2-пунктунун 2-пунктчасына жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 04.08.2023-жылдагы № 385-токтомуна ылайык Кеңеш айыл аймагынын айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Айыл өкмөтүнүн     тогуз айлык бюджетинин аткарылышынын жыйынтыгы менен  тиешелүү жылдын 9 айында жергиликтүү бюджеттерди аткаруунун жыйынтыктары боюнча бюджеттик  үнөмдөлгөн  акча каражаттарды  тиркемеге ылайык,  тармактарга бөлүштүрүлүп бекитилсин. (тиркеме тиркелет)

2. Аткарууга жана  каржылоого алуу жагы айыл өкмөт башчысына жана ФЭБнүн башчысына  тапшырылсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу  комиссиясынын төрагасы  Кубанычбек уулу Мурасбекке жүктөлсүн.

**Кеңеш айылдык**
**кеңешинин төрагасы**                                                                    **О.С.Абдырахманов.**

Кенеш айылдык кенешинин ( 7 - чакырылышынын)
кезексиз жыйырма экинчи сессиясынын 2023-жылдын
30-октябрындагы № 22-2 токтомуна тиркеме .

тиешелүү жылдын 9 айында жергиликтүү бюджеттерди аткаруунун жыйынтыктары боюнча бюджеттик үнөмдөлгөн каражаттардын тармактарга бөлүштүрүлүшү.

| К-р № | Бөлүмдөр | Берене лер | кварталдар | | | | баары |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 1 | 2 | 3 | 4 | |
| 1 | Р – 70221 – жарандык коргонуу. | 2215 | | | | -200 | **-200** |
| 2 | Р – 70629 – комуналдык тейлөөгө | 2521 | | | | -164 | **-164** |
| 3 | Р – 70921 – орто мектептер | 2224 | | | | -239 | **-239** |
| 4 | Р – 70111 – башкаруу аппараты | 2221 | | | | -47,1 | -47,1 |
| | **жыйынтыгы** | | | | | **-650,1** | **-650,1** |
| | | | | | | | |
| 1 | Р – 70491 экономикалык суроолор | 2215 | | | | 177 | **177** |
| 2 | Р – 70111 – башкаруу аппараты | 2211 | | | | 47,1 | 47,1 |
| 3 | Р – 70911 мекте пке чейинки мекемелер | 2221 | | | | 69,8 | **69,8** |
| | | | | | | | |
| | | 3112 | | | | 67,2 | **67,2** |
| 4 | Р – 70921 – орто мектептер | 2221 | | | | 115 | **115** |
| | | 3112 | | | | 174 | **174** |
| | | | | | | | |
| | **жыйынтыгы** | | | | | **650,1** | **650,1** |
| | **Баары** | | | | | **0** | **0** |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |

Кеңеш айылдык кеңешинин
төрагасы — О.С.Абдырахманов

Кеңеш айылдык кеңешинин
катчысы: — А.П.Шадыбекова.

Кеңеш айылдык кеңешинин (7-чакырылышы)
кезексиз жыйырма экинчи сессиясынын

**ТОКТОМУ № 22-3**

30.10.2023. Куу-майдан айылы.

**Шаңкол айылындагы мектептин жанындагы мончонун жерине мамлекеттик акт алууга макулдук берүү жөнүндө**

Кеңеш айыл аймагынын Шаңкол айылындагы мектептин жанында жайгашкан муниципалдык менчиктеги мончонун 0,09 га жер аянты мектептин жерине кирип калгандыктан, аны мектептин жеринен чыгарып алууга макулдук берүү тууралуу жазган сураныч катын угуп жана талкуулап Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү» 2021-жылдын 20-октябрындагы № 123- мыйзамынын 3-главасынын 34-беренесинин 2-пунктунун 1-пунктчасына ылайык , Кеңеш айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кеңеш айыл аймагынын Шаңкол айылындагы мектептин жанында жайгашкан муниципалдык менчиктеги мончонун 0,09 га жер аянты мектептин жерине кирип калгандыктан, мамлекеттик акт алуу үчүн мектептин жеринен чыгарып алууга макулдук берилсин.

2. Мыйзамдуулугун карап чечип берүү жагы айыл өкмөтүнө тапшырылсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин жер, суу чарба, жана жаратылышты коргоо, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, таранспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы Нурматов Орозмаматка жүктөлсүн.

**Кеңеш айылдык**
**кеңешинин төрагасы** **О.С.Абдырахманов**

Кеңеш айылдык кеңешинин (7-чакырылышы)
кезексиз жыйырма экинчи сессиясынын

**ТОКТОМУ № 22-4**

30.10.2023. Куу-майдан айылы.

**Арбын айылындагы мамлекетке кайтарылып алынган балдар бакчасында Адиловдордун убактылуу жашап туруусуна макулдук берүү жөнүндө**

Кеңеш айыл аймагына караштуу Арбын айылындагы А.Адиловко сатылып кеткен балдар бакчасын мамлекетке кайтарылып алынгандыгына байланыштуу Адиловдордун башка баш-панек кылып жашай турган үйү болбогондуктан, ошол жерде убактылуу жашап туруусуна макулдук берүү жөнүндө айыл өкмөтүнүн сунуш катын угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү» 2021-жылдын 20-октябрындагы № 123- мыйзамынын 3-главасынын 34-беренесинин 2-пунктунун 1-пунктчасына ылайык , Кеңеш айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кеңеш айыл аймагына караштуу Арбын айылындагы А.Адиловко сатылып кеткен балдар бакчасын мамлекетке кайтарылып алынгандыгына байланыштуу Адиловдордун башка баш-панек кылып жашай турган үйү болбогондуктан, жаңыдан үй салып көчүп чыкканга чейин ошол жерде убактылуу жашап туруусуна макулдук берилсин.

2. Мыйзамдуулугун карап чечип берүү жагы айыл өкмөтүнө тапшырылсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин жер, суу чарба, жана жаратылышты коргоо, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, таранспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы Нурматов Орозмаматка жүктөлсүн.

**Кеңеш айылдык**
**кеңешинин төрагасы** **О.С.Абдырахманов**

Кеңеш айылдык  кеңешинин (7-чакырылышы)
кезексиз жыйырма экинчи  сессиясынын

**ТОКТОМУ № 22-5**

30.10.2023.                                        Куу-майдан айылы.

**СПАнын ишине колдоо көрсөтүү жөнүндө**

Кеңеш айыл аймагындагы элге кызмат көрсөткөн СПАнын ишине колдоо көрсөтүү максатында Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү»  2021-жылдын  20-октябрындагы № 123-мыйзамынын  3-главасынын  34-беренесинин  2-пунктунун 1-пунктчасына  ылайык ,  Кеңеш айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кеңеш  айыл аймагындагы элге кызмат көрсөткөн СПАнын ишине колдоо көрсөтүү үчүн айыл өкмөтүнүн бюджетинен 35,0 миң сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

2. Аткарууга жана  каржылоого алуу жагы айыл өкмөт башчысына жана ФЭБнүн башчысына  тапшырылсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу  комиссиясынын төрагасы  Кубанычбек уулу Мурасбекке жүктөлсүн.

**Кеңеш айылдык**
**кеңешинин төрагасы**                                        **О.С.Абдырахманов**

Кеңеш айылдык  кеңешинин (7-чакырылышы)
кезексиз жыйырма экинчи  сессиясынын

**ТОКТОМУ № 22-6**

30.10.2023. Куу-майдан айылы.

**Шаңкол орто мектебинин отканасын капиталдык оңдоп түзөөдөн өткөрүү үчүн долбоорго  өздүк салым  үчүн    акча каражатын бөлүп  берүү тууралуу**

Үлүштү (дем берүүчү)  гранттардын эсебинен  каржылоо долбооруна  жөнөтүлгөн  **Шаңкол орто мектебинин** отканасын   капиталдык оңдоп түзөөдөн өткөрүү  үчүн долбоордун өздүк салымы  үчүн  акча каражаты  ажыратып  берүү тууралуу долбоордун жетекчисинин сунушун  угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү»  2021-жылдын  20-октябрындагы № 123- мыйзамынын  3-главасынын  34-беренесинин  2-пунктунун 1чи, 2-пунктчасына  ылайык  Кеңеш айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Шаңкол орто мектебинин отканасын капиталдык оңдоп түзөөдөн өткөрүү   боюнча долбоордун өздүк салымы  үчүн   144407(бир жүз кырк төрт  миң  төрт жүз жети) сом акча каражаты  ажыратылып берилсин.

2. Өздүк салым үчүн керектелүүчү  акча каражатын  таап берүү жагы ФЭБнүн башчысы А.Мадраимовко  милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык  кеңештин бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу  комиссиясынын төрагасы  Кубанычбек уулу Мурасбекке  тапшырылсын.

**Кеңеш айылдык**
**кеңешинин төрагасы** **О.С.Абдырахманов**

Кеңеш айылдык кеңешинин (7-чакырылышы)
кезексиз жыйырма үчүнчү сессиясынын

**ТОКТОМУ № 23-1**

30.11.2023. Куу-майдан айылы

**Айыл өкмөтүнүн 2023-жылдагы бюджетине кошумча кирешени Айылдык Кеңештин 2023-жылдын 25-январындагы № 17-5 токтому менен бекитилген бюджетине тактоолор жана толуктоолор киргизүү жөнүндө.**

Жергиликтүү бюджеттерди толуктоо максатында республикалык бюджеттен компенсация катары кирешеге каржылоого бирдиктүү салык төлөмдөрү үчүн 277,9 миң сом компенсация берилген, бул акча каражатын каржылоо тууралуу ФЭБнүн башчысынын маалыматын жана айылдык кеңештин 2023-жылдын 25-январындагы № 17-5 токтому менен бекитилген бюджетине тактоолор жана толуктоолор киргизүү тууралуу айыл өкмөтүнүн жана туруктуу комиссиянын берген маалыматын угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү» 2021-жылдын 20-октябрындагы № 123- мыйзамынын 3-главасынын 34-беренесинин 2-пунктунун 2-пунктчасына ылайык Кеңеш айыл аймагынын айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

4. Айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын бюджетине келген компенсациялык кошумча киреше айылдык кеңештин 2023-жылдын 25-январындагы № 17-5 токтому менен бекитилген бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгүнө,тиркемеге ылайык, тактоолор жана толуктоолор киргизилип бекитилсин. (тиркеме тиркелет)

5. Аткарууга жана каржылоого алуу жагы айыл өкмөт башчысына жана ФЭБнүн башчысына тапшырылсын.

6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Кубанычбек уулу Мурасбекке жүктөлсүн.

**Кеңеш айылдык**
**кеңешинин төрагасы** **О.С.Абдырахманов.**

Кенеш айылдык кенешинин ( 7 - чакырылышынын)
кезексиз жыйырма үчүнчү сессиясынын 2023-жылдын
30-ноябрындагы № 23-1 токтомуна тиркеме

тогуз айлык бюджеттин аткарылышында түшкөн кирешенин тиешелүү тармактарга бөлүштүрүлүшү.

| **Разделдер** | **Код эконом квалификация** | **кварталдар боюнча** | | | | **Бардыгы** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **1** | **2** | **3** | **4** | |
| **Киреше бөлүгү: Кошумча** | | | | | | |
| Максаттуу трансферт (Компенсация бирдиктүү салык төлөмү) | 13321200 | | | | 277,9 | 277,9 |
| **баары** | | | | | **277,9** | **277,9** |
| **Чыгаша бөлүгү** | | | | | | |
| Р – 70491 экономикалык суроолор | 2215 | | | | 33,9 | 33,9 |
| Р – 70921 орто мектептерге | 2221 | | | | 115 | 115 |
| | 3112 | | | | 129 | 129 |
| | | | | | | |
| **баары** | | | | | **277,9** | **277,9** |
| | | | | | | |

Кеңеш айылдык кеңешинин төрагасы О.С.Абдырахманов

Кеңеш айылдык кеңешинин катчысы: А.П.Шадыбекова.